УДК: 82-194:82.091
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.42

Келдибай кызы Майрамкан
ОШМПУ

# ЖЫПАРА ИСАБАЕВАНЫН «БИР ҮЗҮМ ОТ» ЖЫЙНАГЫНДАГЫ КӨРКӨМ-ЭСТЕТИКАЛЫК ТАБЫЛГАЛАР

**Кыскача мазмуну**

Бул макалада азыркы кыргыз поэзиясынын көрүнүктүү акын кыздарынын бири – Жыпара Исабаеванын чыгармачылыгы тууралуу сөз болот. Жыпара Исабаева чыгармачылыгын эгемендүүлүк жылдарында баштап, көптөгөн прозалык чыгармаларды жазууга, поэтикалык ыр жыйнактарды чыгарууга жетишкен. Ошондой ийгиликтүү чыккан ыр жыйнактарынын бири – «Бир үзүм от» жыйнагы. Мына ушул поэтикалык жыйнактын көркөм-эстетикалык барк-баасы, азыркы кыргыз адабиятындагы орду тууралуу кеп козголуп, ырлар талдоого алынат. Ж.Исабаеванын «Бир үзүм от» жыйнагында сүйүү ырларына негизги орун таандык. Акын сүйүү темасын өзүнө гана таандык, башкача ыргак, жекече стилде жаза алган десек болот деген жыйынтык чыгарылды.

**Түйүндүү сөздөр:** поэзия, лирика, изденүүлөр, табылгалар, адабият, тема, идея, философиялык лирика, пафос, акын, сүйүү ырлары.

Келдибай кызы Майрамкан
ОШМПУ

# ХУДОЖЕСТВЕННО-ЭСТЕТИЧЕСКИЕ НАХОДКИ В СБОРНИКЕ «КУСОЧЕК ОГНЯ» ЖЫПАРЫ ИСАБАЕВОЙ

**Аннотация**

В этой статье обсуждаются о творчестве одной из выдающихся поэтесс современной кыргызской поэзии – Жыпары Исабаевой. Жыпара Исабаева начала свою деятельность в годы независимости и успела написать много прозаических произведений и поэтических сборников. Одним из успешных песенных сборников является сборник «Кусочек огня». Обсуждается художественная и эстетическая ценность этого поэтического сборника, его место в современной кыргызской литературе, анализируются стихотворения. В сборнике Ж. Исабаевой «Кусочек огня» главное место принадлежит песням о любви. Сделан вывод о том что поэт смог написать тему любви в своем неповторимом ритме и индивидуальном стиле.

**Ключевые слова:** поэзия, лирика, соискание, находки, литература, тема, идея, философская лирика, пафос, поэт, любовные стихи

Keldibay kyzy Mairamkan
Osh Humanitarian Pedagogical Institute

# ARTISTIC AND AESTHETIC FINDINGS IN THE COLLECTION «BIR UZUM OT» BY ZHYPARA ISABAEVA

**Abstract**

This article will talk about the work of one of the famouse poets of recent Kyrgyz poetry – Zhypara Isabaeva. Zhypara Isabaeva started her work in the year of independence and managed to write

many prose and poetic poetry collections. One of the successful song collections is the collection «Bir uzum ot». The artistic and aesthetic value of this poetic collection, its plase in modern Kyrgyz literature is discussed, and the poems are analyzed. In J. Isabaeva's collection «Bir uzum ot» the main place belongs to love songs. It was concluded that the poet was able to write the theme of love in her own unique rhythm and individual style.

**Keywords:** poetry, lyrics, researches, findings, literature, theme, idea, philosophical lyrics, pathos, poet, love poems.

Кыргыз кыздар поэзиясы Нуркамал Жетикашкаеванын ысымы менен башталып, 60-80-жылдары бир топ акын кыздар менен толукталып, С.Абдыкадырова, Ф.Абдалова, С. Абдыкеримова, М.Абылкасымова, Т.Адышева, С.Акматбекова, М.Буларкиева, А.Дегенбаева, Н.Жүндүбаева, Т.Закирова, Р.Карагулова, Ш.Келдибекова, М.Мамазаирова, А.Узакова, А.Чойбекова, Г.Шакирова, Б.Чотурова ж.б. ысымдар адабиятка келип кошулушуп, кыргыз аялдар поэзиясы деген чоң бир топ жаралып, поэзия дагы бир башкача өнүгүүгө бет алган. Ал эми эгемендүүлүк жылдарында А.Бегимкулова, К.Бекназарова, З.Жамангулова, Ж.Акунова, Б.Сейитбекова, Р.Жекшенова, Д.Маанаева, Р.Алыбаева, Н.Ногойбаева, Ж.Исабаева, Э.Ажыканова, Ж.Арыкова, В.Бөлөкбаева, Н.Осмонова А.Базарбаева, А.Көкөева, А.Бакирова сыяктуу акын кыздар адабият майданына келип, өздөрүнүн ырларын мезгилдүү басма сөз беттерине жарыялашып, бир катар ыр жыйнактарын чыгарышты.

«Эгемендүүлүк жылдарында кыйын экономикалык, саясий кырдаалга карабай, рух дүйнөсүн биринчи планга коюу менен кыргыз жаштарынын адабиятка келүүсү кубандырат. Адабияттагы улуу муун, орто муунга катар эле жаштардын чыгармачылыгындагы олуттуулук, ачык-айкындык граждандык күчтүү пафос, лирикалуулук сыяктуу көрүнүштөр кыргыз адабиятынын келечеги бар экендигинен кабар берет» [4, 195] - деп адабиятчы Л.Үкүбаева бир катар жаш акындарды санап өтөт. Булардын катарына албетте, таланттуу акын, жазуучу, А.Осмонов атындагы адабий сыйлыктын лауреаты Жыпара Исабаеваны кошпой коюу мүмкүн эмес. Акын Жыпара Исабаева чыгармачылыкка мектептеги курагынан эле аралашып, ырларын ошол кездеги «Кыргызстан пионери», «Ленинчил жаш» ж.б. гезит-журналдарга жарыялап турган. Ошондон тартып тынбай чыгармачылык менен алпурушуп, бир катар ыр жыйнактарын басмадан чыгаруу менен изденүүнүн түйшүктүү жолун улап, поэзиянын албан кырдуу белестерин ашып, кыргыз ыр өнөрүн не бир сонун табылгалар менен байытып келет. Акындын 2014-жылы жарыкка чыккан «Бир үзүм от» аттуу ырлар жыйнагы далил боло алат.

"Поэзия айдыңын карасаң көл, тулкун кучактасаң кыял жетпес, кудурет пендесине бир көңүлү менен берип койгон ажайып дүйнө эмеспи. Ал аба,суу,тагдырга аралашып, күн нуруна чагылышкан таңдагы шүүдүрүмдөй мөлт-мөлт этип миң сан түр, түс берип чачырап, миң сан үн чыгарып кубулжуп, кубулуштан кубулушка өтүп, кубарбас кубаныч тартуулаган, турмушту тутка тутуп, муундан-муунга күзгүдөй чагылдырткан кереметтин керемети. [3, 8] Мына ушундай сөз жеткис кереметтин кереметин төрт сапка батырып, ыр кылып жараткан

бул - жөпжөнөкөй акындар.

Акындын ой-пикирин ээлеген жана аны чыгарма жазууга үндөгөн турмуштук материалдар ырларынын темасы болуп саналат. Турмуштун татаалдыгы тематиканын ар кыл болушун көрсөтөт. Ж. Исабаеванын поэзиясынын темасы көп кырдуу. Бирок, кеп теманын көп кырдуулугунда эмес, аны кайсы көз караштан, кайсы идеялык багыттан көрсөтүшүндө жатат.

«Бир үзүм от» ыр жыйнагында Ж.Исабаева кайсы темага кайрылбасын аны жогорку көркөмдүктө ачып берүүгө жетишкен. Жыйнакка Ата журт, ата-эне жөнүндө, сүйүү темасында жазылган ырлары топтолгон. Кыргыз поэзиясынын мүмкүнчүлүктөрүн кенейтип, мазмуну терең, философиялык маңыздагы лирикалары окурмандардын жүрөгүнөн түнөк таба алган. Акындын ырларын көпчүлүгүнүн өзөгүн анын поэзияга, жашоого, сүйгөн жарга, ата-энеге, мекенге болгон туруктуу, түбөлүк, толкуп – ташыган таза махабаты түзүп турат. Кандай гана түйшүктүү ой-сезимдерге кабылбасын акын поэзияга болгон ышкысын баарынан бийик коёт.

Бир колумда – калем сабым,
Бир колумда – казаным.
Жондо – бала,
Жолдо – түйшүк,
Көкүрөктө – казалым… [2,204]

– деген ыр саптарынан бир эле учурда жашоонун түмөн түйшүгүн мойнуна алган аял болуу, анан акын болуунун азабы менен жыргалын жүрөккө жакын жөнөкөй сөздөр менен туюнта алгандыгын көрө алабыз.

Жөнөкөй бир –
аял, эне, пендемин,
Калем сабым,
казан-тулгам – эрмегим.
Кыял менен
чарк айланып ааламды
кетмейим чын,
Бирок өзүм жердемин. [2, 205]

Поэзия – бул акынды толкундаткан, жан дүйнөсүнө тыным бербеген, ар дайым жаңы бийиктиктерге чакырып, шыктандырып, үмүттөндүргөн кандайдыр бир күч. Кыялында аалам кезип, турмуштун канча түйшүк азабына карабай ырга болгон сүйүүсүнө көкүрөгүнүн тереңинен орун берип, андан өзүн бөлүп карай албаган лирикалык каарман көз алдыбызга тартылат. «Ыр куса» деген ырында да акын сыйкырдуу күч Лирага болгон сагынычын, кусалыгын төмөнкүдөй саптар аркылуу туюнтат.

Билбейм кимди…
Бирок катуу сагындым!
Каршы агымга келип турат агылгым.

Жан дүйнөмдө жанды жеген кусалык,
Сенден, бирок келбейт окшойт арылгым…
Жазгым келип жан жыргатчу жакшы ыр…
Жандалбастоо – жанга бүткөн бактыдыр?
Жалбырттоодо жалын болуп бүт дүйнөм,
Жашоом дагы, жакыным да, бактым – ыр! [2, 23]

Бүткүл жашоосунун маңызын түзгөн ыр дүйнө акынга аялдык бакты менен бул ааламдын бардык жыргалчылыгын гармониялаштырып турган ажайып бир көрүнүш. Себеби, күнүмдүк тиричилик менен алектенип, ырга убактысы жок болуп жатса да, табият берген эргүүсү дайым кыялында, көкүрөгүндө уялап, жан дүйнөсүнө тынчтык бербейт.

Калем албай калганыма көп болгон.
Түйшүгүм көп, эне болгом жаңы эле.
Бешик термеп, алдей айтып түндөсү,
бала жыттайм, убактым жок дагы эле.
Алдей кызым, алдей менин ыр кызым,
Коюн толо кубанчыма бөлөнгөн,
Курсагымда ырлар менен дем алып,
төрөлгөндө ыр жыттанып төрөлгөн… [2, 51].

Аял үчүн эне болуу - бул эң чоң бакыт эмеспи. Жогорудагы «Ыр кызым» деген чыгармасында да ушул эне болуунун жыргалы менен түйшүгүн, акындыктын ырахаты менен жуурулуштуруп берүүгө жетише алган. Ал эми «Сүйүп калып башканы» деген ырында болсо поэзияга болгон сүйүүсүн дагы бир башка өңүттөн чагылдырууга аракет кылат.

«Ойлуу тартып кеттиң го?» - дейт алганым,
«Апа эмнеге күлбөйсүң?» - дейт балдарым.
Кыйпычыктап жооп таба алба албай калп эле
кайсалактап карайм ар жак, бер жагым.
Кечиргиле, бырчаланып жүрөгүм,
Эки ортодо өзүм дагы жүдөдүм.
Сүйүп калып силерден да башканы,
Ырды сүйүп, азабым жеп жүрөмүн. [2, 12]

Ж.Исабаева бул ыры менен эч нерсеге алмаштыра алгыс эки сүйүүнүн ортосунда кыйналып азап чегип, жүрөгүнүн түпкүрүндө поэзияга болгон сагынычы, кусалыгы ээ-жаа бербей толкуп-ташыган сезими тынчтык бербей, үй-бүлөсүнө болгон сүйүүсүн да кыя албай турган жан дүйнөсүнүн абалын керемет поэтикалык саптарга сыйдырган.

Кечире алсаң кечир мени түгөйүм,
Бүгүн дагы ыр дүйнөмдө түнөйүн.
Таппасам да жолун тосуп ырлардын,

Таң атканча дербиш болуп жүрөйүн.
Кечир кызым, боло албасам жакшы эне,
Апам мени жомок айтып бакты эле.
Куудураган колдор менен жапкан нан,
Куурма чайы ушунчалык жакшы эле.
Эртең сөзсүз ошентемин мен дагы,
Бирок акын болом дебе сен дагы.
Бүгүн болсо кечиргиле балдарым,
Жакшы ыр жазып алайынчы, ээ жаңы?.. [2, 12]

Мына поэзияга болгон чексиз сүйүүдөн жаралган керемет саптар! Жаңы ыр жазуу үчүн күнүмдүк түйшүктүн баарынан баш тартып, ыр дүйнөгө сүңгүп кирип, түйшүктөнгөн чыныгы чыгармачыл адамдын ой-сезимдери!

Жашоону, поэзияны сүйө билген адам бардык тирүү жандыкты, жаратылышты, ата-эне, бир тууганды, өмүрлүк жолдошун жана балдарын татыктуу сүйө алат. Акындын бүтпөс темасы - арзуу темасы. Махабатты даңазалай билген Ж.Исабаеванын жүрөгүнөн чыккан арзуу сезими чоң пафостогу ырларын жаратты.

Сүйүү – куса,
жан чыдагыс азабы,
Сүйүү – муза,
жагымы анын жаз айы!
Сүйүү – сүйкүм,
Сүйүү – жомок ажайып,
Колуң менен
жасагандай атайы!

Сүйүү – ачуу,
сүйүү – ширин, сүйүү – уу,
Сүйүү – таш да,
сүйүү – суу да, сүйүү – буу!
Сүйүү – сүрдүү,
Сүйүү – сырдуу, табышмак
Сүйүү – ыйык,
Сүйүү – бийик, сүйүү – улуу![2, 112]

- деп сүйүүнүн бийиктигин, жан дүйнөнү тынчытпай түйшүк тарттыра тургандыгын поэзиянын жалындуу илеби менен бийик середен туруп баян этет.

Ж.Исабаеванын «Бир үзүм от» жыйнагында сүйүү ырларына негизги орун таандык. Акын сүйүү темасын өзүнө гана таандык, башкача ыргак, жекече стилде жаза алган десек болот. Негизи эле, адабиятчы Д.Асакеева: «Кыздар поэзиясы лирикалуулугу, кыялкеч маанайы, жанга жагымдуулугу менен көпчүлүккө тез таанылып, өзгөчө бир ыргакты жаратып, башкача өнүгүү жолунда болду»,[1, 303] - деп айткандай, Ж.Исабаеванын сүйүү лирикалары да сезимдин махабаттуу кылдарын черткилеген акындын арзуусун чагылдырып турат. Сүйүү менен кошо дайыма сагыныч, кусалык чогуу жүрөт эмеспи. «Керемет сөз» деген ырында акын:

«Сагындым сени» деген… керемет сөз!
Билбеймин буга кандай теңелет сөз…
Байланып саптарыңа тегерендим,
Жамгырдай кубанычтан себелендим.

Ушул сөз кайгы-азаптан арачалап,
Бакыттан акыл-эсим ала салат…
Өч алган сыяктандым жалгыздыктан,
Жүрөккө кирип алган кара санап. [2, 49]

Сагынган кандай жакшы бар болсо, сагынарың демекчи сүйгөн адамыңды сагынып, кыялга батып, канатсыз учуп, анын элесинен кубат алып жашоонун өзү керемет. Мындай керемет сезим акынды керемет ырларды жазууга аргасыз кылат. Кусалануунун канчалык кыйын экенине карабастан, ошончолук ырахаты бар. Ошол ырахатка жетүү үчүн адам тоодой болгон тозоктон өтөт, бирок сагынычтын күчтүүлүгүн тозоктун тоодой экенин сезбей максатына жетүүгө умтулат.

Сүйүү адамды бирде кубантып, бирде кайгыртып, бирде ыйлатып, бирде кусага салып коет эмеспи. Жөнөкөй адамдар андай нерселерди эч бир жанга айтпай, жашырып койсо, ал эми акындарыбыз төрт сап же эки сап, болбосо бир сап менен эле чагылдырып коюшат.

Сен мени сагынтайын дедиң бекен,
Телефон чалбай дагы, келбей коюп,
Чын эле сенсиз мага күндөрүмдүн,
Татыбай тузу такыр кемдей болуп…

Сен мени унутайын десең керек,
Арга жок, ага деле түтөм демек,
Жолуңду карай-карай, үшкүрүккө
Үшүтүм үмүтүмдү үзөм демек… [2, 99]

Бул лирика күтүү, тынчсыздануу, кусага батуу, үмүттүн орундалбай калышын чагылдырып турат.

Сени билбейм,
мен сени сүйүп калдым!
Деги билбейм, дүйнөмө бүлүк салдың!
Жүрөгүм жанчылууда, жаным кейип,
Бир гана сен деп өмүр сүрүп калдым!
Кайдасың, кай күндөсүң азыр жаным?
Теңирим сени азаптан сактаса экен!
Сызылып турчу болду жүрөк дайым,
Мен сүйгөн адам өңдөн азбаса экен. [2, 72]

Жогорку ыр саптарында болсо акын сүйгөн адамынын кайда болбосун кыйналбай, азап тартпай жүрүүсүн тиленет.

Ал эми эне темасында калем шилтебеген акын жок чыгар. Жыпара Исабаеванын да чыгармачылыгында эне темасына кеңири орун берилип, жогорку көркөмдүктө ачып берүүгө

жетишкен. Акындын «Эне» темасындагы ырларын окуп жатып дүйнөдөгү эң мээримдүү, эң ыйык эненин элеси келип, турмушта реалдуу эмес кыялдарга батып, кичине болуп, апаңдын жанынан чыкпай эркелеген эселек кыз болуп, артта калган бактылуу балалыкка кайрылгың келет.

Жигитке жар, балдарыма энемин,
Кыялкеч кыз, боз уланга жеңемин.
Анткен менен апакемдин алдында
Саамай көкүл, эселеги элемин.

Кумарлана жытын искеп баланын,
Кырк кырында кыялданып барамын!
Анткен менен апакемдин алдында
Баёо сезим, балапан ооз баламын. [2, 21]

Эненин улуулугу, ыйыктыгы, эч нерсеге алмашкыс жылуу мээрими акындын ар сабынын илебинен сезилип турат. Эненин бала үчүн күйүп жанганы, тамактын даамдуусун өзү жебей баласына бергени, баласынын көзүнүн агы менен тең айланып, мээрим төгүп турганы – бул эң бактылуу турмуш. Бул ойду «Ичкени, жегени өтпөй тамагынан, Жарымын бөлүп алып табагынан» деген саптар аркылуу туюнтат.

Жашоо – жол!
Жашоо – турмуш түмөндөгөн!
Кубаныч,
кайгысы да түгөнбөгөн!
Бүгүн сен…
жоксуң апа! А мен сендей –
Энемин,
жөжөлөрүн түгөлдөгөн!.. [2, 6]

Турмуштун кээ бир кыйчалыш кырдаалдарында дос-тууган, жадагалса сүйгөн аял да, эркек да жүз буруп кетиши мүмкүндүгүн, а бирок эне эч качан балага болгон сүйүүсүнөн танбастыгын акын поэтикалык саптарына сыйдырган.

Акындын бул ырлар жыйнагынын көпчүлүк өзөгүн анын поэзияга болгон туруктуу, түбөлүк, толкуп ташыган таза махабаты түзөт. «Бир үзүм от» аттуу ырлар жыйнагына Ата журт жөнүндө, эне, сүйүү темасында жазылган ырлары топтолгон. Кыргыз поэзиясынын мүмкүнчүлүктөрүн кенейтип, мазмуну терең, философиялык маңыздагы лирикалары окурмандардын жүрөгүнөн түнөк тапкан. Ал эми Ж.Исабаеванын акын катары да кыргыз поэзиясын формалык-мазмундук жактан жаңы көркөм-эстетикалык бийиктикке көтөрүүнү көздөп, 2 саптар, 4, 5 саптар формасындагы ырларын, балдар ырларын, обондуу ырларды

жазгандыгы акындык чеберчиликтин көрүнүшү катары белгиленет.

**Адабияттар**


1. Асакеева Д. Ж. Кыргыз адабиятынын маселелери (К.Тыныстановдон Ч.Айтматовго чейин). – Б.: 2012. – 348 б.
2. Исабаева Ж. Бир үзүм от. – Б.: Турар, 2014. – 288б.
3. Өмүрканов А. Акын-мезгилдин кардиограммасы. // Кыргыз руху. №30 2004, 8-б.
4. Үкүбаева Л. Кыргыз адабияты эгемендүүлүк жылдарында. //Китепте: Чыңгыз Айтматов жана азыркы адабий процесс. – Б.:Турар, 2013. -256б
5. Ибраимов О. История кыргызской литературы XX века: (том первый). – Б: «Бийиктик», 2012.